# КЫЗМАТЧЫ СӨЗДӨРДҮН КӨРКӨМ ЧЫГАРМАДАГЫ ОРДУ (ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН МИСАЛЫНДА)

**Абдиназарова Элзада Эгенназаровна,** Жетекчиси:**Тажибаева Жыпар**

*Ош мамлекеттик университетинин студенти Ош, Кыргыз Республикасы*
*E-mail:* elzada064@gmail.com

**Аннотация:** Бул макалада кыргыз тилиндеги кызматчы сөздөрдүн көркөм тексттеги орду, функционалдык-маанилик өзгөчөлүктөрү жана стилистикалык мүмкүнчүлүктөрү талдоого алынат. Изилдөөнүн негизги максаты – улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын мисалында кызматчы сөздөрдүн көркөм текст түзүүдөгү ролун, ойду тактоодогу маанисин жана автордук интонацияны берүүдө аткарган кызматын аныктоо болуп саналат. Изилдөөдө Чыңгыз Айтматовдун «Жамиля», «Биринчи мугалим», «Ботогөз булак», «Делбирим» чыгармаларынан алынган мисалдар кеңири пайдаланылды. Макалада жандооч, байламта, бөлүкчө жана модалдык сөздөрдүн көркөм чыгармадагы колдонулушу конкреттүү тексттик мисалдардын негизинде каралат. Кызматчы сөздөр сүйлөмдөрдүн ортосундагы логикалык байланышты камсыз кылып гана тим болбостон, каармандардын ички психологиялык абалын, эмоционалдык өңүтүн ачып берүүгө шарт түзөрү аныкталат. Ошондой эле автордун субъективдүү баалоосу жана көркөм ой жүгүртүүсү дал ушул тилдик каражаттар аркылуу берилери белгиленет. Изилдөөнүн жыйынтыктары кызматчы сөздөрдүн кыргыз көркөм тилиндеги маанилүү стилистикалык курал экенин далилдейт.

Ачкыч (түйүндүү) сөздөр: кызматчы сөздөр, көркөм текст, жандооч, байламта, бөлүкчө, модалдык сөз, Чыңгыз Айтматов.

**Служебные слова в художественном тексте(на материале Ч.Айтматова)**

**Аннотация:** В данной статье анализируется роль и стилистические возможности вспомогательных слов в киргизском языке в художественном тексте. Основная цель исследования – определить значение вспомогательных слов в построении текста, уточнении мысли и передаче авторской интонации на материале произведений Чингиза Айтматова. В ходе исследования широко использованы примеры из произведений «Джамиля», «Первый учитель», «Ботогёз булак», «Делбирим». В статье рассматриваются особенности употребления предлогов, союзов, частиц и модальных слов в художественном тексте. Установлено, что вспомогательные слова не только обеспечивают логическую связь между предложениями, но и способствуют раскрытию внутреннего состояния персонажей, их эмоционального настроя и авторской оценки. Отмечается, что именно через данные языковые средства проявляется индивидуальный стиль писателя. Результаты исследования подтверждают, что вспомогательные слова являются важным стилистическим инструментом художественного языка.

**Ключевые слова:** вспомогательные слова, литературный текст, предлог, союз, частица, модальное слово, Чингиз Айтматов.

**Abstract:** This article analyzes the role and stylistic possibilities of auxiliary words in the Kyrgyz language in a literary text. The main purpose of the study is to determine the role of auxiliary words in text formation, clarification of meaning, and expression of the author's intonation based on the works of Chingiz Aitmatov. The research is based on examples taken from the literary works “Jamilya”, “The First Teacher”, “Botogoz Bulak”, and “Delbirim”. The article examines the use of prepositions, conjunctions, particles, and modal words in a literary text. It is determined that auxiliary words not only create logical connections between sentences but also play an important role in revealing the inner state of characters, their emotions, and the author's evaluative attitude. The study concludes that auxiliary words serve as an essential stylistic means in the artistic language of Kyrgyz literature.

**Key words:** auxiliary words, literary text, preposition, conjunction, particle, modal word, Chingiz Aitmatov.

**Киришүү**

Кыргыз тилинин грамматикалык түзүлүшүндө кызматчы сөздөр өз алдынча лексикалык мааниге ээ болбогону менен, сүйлөмдүн жана бүтүндөй тексттин уюшулушунда маанилүү орунду ээлейт. Алар сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн ортосундагы грамматикалык жана маанилик байланыштарды түзүп, ойдун так жана ырааттуу берилүүсүн камсыз кылат. Айрыкча көркөм текстте кызматчы сөздөрдүн ролу күчөп, алар автордук идеяны ачып берүүдө, каармандардын ички дүйнөсүн сүрөттөөдө жана тексттин эмоционалдык боёгун арттырууда активдүү колдонулат.

Көркөм адабиятта кызматчы сөздөр текст түзүүчү каражат катары өзгөчө мааниге ээ. Алар сүйлөмдөрдүн ортосундагы логикалык ырааттуулукту сактоого, окуянын өнүгүшүн чагылдырууга жана ойдун динамикасын камсыз кылууга жардам берет. Кызматчы сөздөрдүн туура жана чебер колдонулушу көркөм тексттин стилистикалык сапатын жогорулатып, окурмандын текстти кабыл алуусуна түздөн-түз таасир этет.

Бул жагынан алганда, Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары кыргыз тилиндеги кызматчы сөздөрдүн көркөм тексттеги ордун изилдөө үчүн бай материал болуп саналат. Жазуучунун чыгармаларында кызматчы сөздөр ойду тереңдетүү, маанини тактоо жана эмоционалдык таасирди күчөтүү максатында кеңири колдонулат. Айтматов көркөм тилдин бардык мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланып, кызматчы сөздөрдү контекстке ылайык чебер айкалыштырып, чыгарманын идеялык-мазмундук бүтүндүгүн камсыз кыла алган.

Ошондуктан кызматчы сөздөрдүн көркөм тексттеги ордун Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын мисалында талдоо кыргыз тилинин стилистикалык жана функционалдык мүмкүнчүлүктөрүн терең түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Бул тема бүгүнкү күндө да актуалдуу болуп, кыргыз тил илиминин теориялык маселелерин тактоодо жана практикалык изилдөөлөрдө маанилүү орунду ээлейт.

Негизги бөлүк. Кебибизде сөзгө коюлуучу талаптарга жооп бере албаган,бирок сөз сыяктуу туруктуу курулушка ээ болуп, сүйлөм түзүүдө түрдүүчө кызматтарды аткарган, же кайсыл бир маани берүүчү сөзгө кошумча түшүнүктөрдү киргизген тыбыштык бирдиктер арбын кезигет. Мындай табыштык бирдиктер формалдуу түрдө «сөз» деген аталышка ээ болгону менен, өз алдынча колдонулбайт, же өзүнчө туруп кайсыл бир маанини туюнтуу, кайсыл бир суроолорго жооп болуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ эмес. Бирок булар сүйлөм курамында колдонулуп, ар кайсыл түрү ар кандай кызматтарды, маселен, айрым маани берүүчү сөздөргө кошумча түшүнүктөрдү киргизүүчүлүк, же жалпы сүйлөмгө түрдүү модалдык маанилерди берүүчүлүк милдеттерди аткарышат. Кептеги бул өңдүү кызматтарына карап алар «кызматчы сөздөр» деп аталса, өз алдынча туруп,кайсыл бир маанини туюнта албагандыгына ылайык маани бербөөчү сөздөр» деп эки түрдүү аталышта берилип жүрөт. Мындай маани бербөөчү, же кызматчы сөздөрдүн көпчүлүгү,тарыхый жактан караганда, маани берген сөздөрдөн келип чыккан. Жалпы эле кызматчы сөздөрдүн маани берүүчү сөздерден бир топ мезгил кийин, адам кебинин, ой жүгүртүүсүнүн өсүш процессинин натыйжасында пайда болгондугу байкалат.

Кызматчы сөздер сенек формага айланып калгандыктан,буларга жөндөмө мүчөлөрү уланбайт жана алар үндөштүк законуна баш ийишпейт, бирок маани берген сөздер сыяктуу басымды кабыл алышат.(6,171)

Белгилүү тилчи С.Кудайбергенов буларды маани бербөөчү сөз түркүмдөрү

катары карап, бул топко жекече турганда лексикалык мааниге ээ болбогон сөздөр кирерин белгилөө менен, алар башка сөз түркүмдөрүнөн төмөнкү белгилери боюнча айырмаланарын көрсөткөн.

1. Ар бири баштагы бүтүн сөздүк белгисин сактап, негизги компоненттерден тыбыштык сөз катары ажыратылып айтылат. Ал эми мүчө болсо,айкашкан сөздөрү менен бирге айтылат. Бирок экөөтең лексикалык мааниге ээ эмес.

2.Маани бербөөчү сөздөр морфологиялык жактан уңгу, мүчөлөргө ажыратылбаган өзүнчө турган сөз болгондуктан, үндөштүк законуна баш ийбейт. Мүчөлөр менен айкашпайт. Мүчөлөр болсо, тыбыштык курамы жагынан жалганган сөзүн ээрчип, үндөштүк законуна баш иет.

3. Маани бербөөчү сөз түркүмдөрү, бүтүн сөздүк касиетин сактап, дайыма басымды кабыл алат: сен үчүн, дейин, гана, албетте, мумкун, келдим го! Келе гой ж.б.

Ошентип, сөз менен сөзду, сүйлөм менен суйломду байланыштыруу, ийкемдуу тутумдаштыруу милдетин аткарып, кошумча ар турдуу грамматикалык маанилерди алып келген сөздөрдү кызматчы сөздөр дейбиз.

Кыргыз тилинде алар төмөнкүлөр: байламталар, бөлүкчөлөр, жандоочтор, кыялий мамиле(модалдык) сөздөр.(2,294)

Байламталар.

Кыргыз тилиндеги кызматчы сөздөрдүн ичинен байламталар — сүйлөм менен сүйлөмдү, сөз менен сөздү логикалык байланышта кармап турган синтаксистик элементтер. Алар өз алдынча лексикалык мааниге ээ болбогону менен, сүйлөмдүн түзүмүндө маанилүү грамматикалык жана стилистикалык милдетти аткарат. Байламталар суроого жооп бербейт, бирок ойдун багытын, карама-каршылыгын, себеп-натыйжасын, шарттуулугун жана толуктоосун көрсөтөт.

Ч.Айтматовдун чыгармаларында байламталар ойдун агымын камсыз кылып, каармандардын ички дүйнөсүн ачып берүүдө маанилүү курал катары колдонулат. Алар тексттин логикалык түзүмүн бекемдеп, философиялык мазмунду тереңдетет.

Мисал: 1.Мен бул сүрөтү тартпай коё албаймын,бирок эмне үчүн сүрөтчү болуп туулдум экен?(4,345)

2.Көчөдө бак деген толуп жатат,бирок бул теректердин бир укмуштуу касиети бар.(4,285)

Берилген эки мисалда байламта (бирок) кошмок сүйлөмдөрдүн ортосундагы каршылагыч маанини туюндуруп,байланыштырып турат.

3.Байтемир болбосо билбейм эмне болмогун.(4,246)

(Болбосо) деген байламта сүйлөмдөгү ойдун ырас же ырас эместигин ,туура же туура эместигин ,бар же жок экенин билдирет.

-Эгер сен минтип айкыра берсең ,жумушту таштап кетип калам.(4,120)

Байламта (эгер) кандайдыр бир ойдун макулдашуу,убадалашуу маанилериндеги байланышты камсыз кылат.

Жандоочтор.

Сүйлөмдө атооч сөздөрдү жандап, алардын өз ара карым-катышын эпке келтирип, аларга ар кыл грамматикалык маани ыйгарып турган кызматчы сөздөр жандоочтор деп аталат.

Жандоочтор сүйлөмдө өзү жандап айтылган сөздөрдүн башка сөздөр менен синтаксистик байланышка түшүшүн шарттайт.

Кыргыз тилинде гана эмес дээрлик бардык түрк тилдеринде жандоочтор аркылуу ишке ашкан синтаксистик байланышты башкаруу байланышы катары карап, жандоочтук башкаруу деп аныкташкан.

Мисалы:

1.Ашуудан прицеп менен өтүп жүрөсүңөрбү?(4,241)

2. Бирок ойлоп отуруп, кандай уксам ошо бойдон калтырууну туура көрдүм.(160-б)

3.Башка барар жагым болбогон соң мен да аны издеп жөнөдүм.(4,160)

Бул сүйлөмдөгү жандооч(соң) ойдун себебин түшүндүрөт.

Бөлүкчөлөр.

Өзүнөн кийн, же мурун келген сөзгө, кээде жалы эле сүйлөмгө кошумча грамматикалык маани берип, бирок өз алдынча туруп лексикалык мааниге ээ боло албаган кызматчы сөздөрдун түрү бөлүкчөлөр деп аталат. Алар кызматчы сөздөрдүн ичинен өзү айкаша келген

сөзгө кошумча маани киргизип,жалпы сүйлөмгө күмөндүүлүк, божомолдоочулук манилерди киргизиши жагынан айрымдары (го, бейм, беле ж.б.) модалдык сөздөргө жакын.

Бөлүкчөлөрдүн маанилери грамматикалык маани болгону менен аларда абстракттуулук бар, кандайдыр бир сөз менен айкашып келгенде гана алардын манилери даана билинет. Жеке өз алдынча турганда алардын маанилери байкала бербеши да мумкун. Мына ошондуктан бөлүкчөлөрдүн маанилерин биз алар айкашип турган сөздөр аркылуу же ошол сүйлөм туюндурган ой аркылуу аныктайбыз.

Мисалы:

1.-Кечке чейин керектүү кагаздарды даярдап кой,ээ?(4,207)

2.Ачууңду менден чыгарайын деген экенсиң го?

Бул эки мисалдагы бөлүкчөлөр (ээ,го) сүйлөмдөргө суроо маанилерин кошумчалайт.

3.Эчтеме ойлонбостон жүрүп келатам.(4,121)

4.Бирөө мене жакындашуу,душмандашуу ага жат өңдүү,эч кимге жаман айтпайт,жакшы айтпайт.(4.41)

5. Абакирге эч ким жооп берген жок. (4,123)

Жогорудагы сүйлөмдөрдө бөлүкчө (эч) сөздөргө жана сүйлөмдөрдөгү айтылуучу ойду маалыматты таануу,жокко чыгаруу маанисин кошумчалап турат.

Кыялий-мамилелер (Модалдык) Сөздөр.

Сүйлөмдөгү айтылучу ойдун чындыкка,акыйкатка, сөз жүрүп жаткан учурга карата болгон ар түрдүү катышы жөнүндө сүйлөөчүнүн көз карашын туюндурган сөздөр кыялий-мамиле ( модалдык)сөздөр деп аталат.

Кыялий-мамиле (модалдык) сөздөрдүн маанилери алар катышып турган сүйлөмдүн бүтүндөй алкагын, ошол сүйлөмдөгү бүтүндөй ойду камтыйт.Алар сүйлөмдөгү ойдун, тигил же бул кыймыл-аракеттин ишке ашышынын мумкундугун, ыктымалдыгын, зарылдыгын, ишенимдүүлүгүн, шектүүлүгүн жана ойдун аткарылышына карата ишенгендикти,күмөн санагандыкты, кайсы бир окуянын болгондугунун анык же болжолдуу экендигин билдирет.

Мисалы: Албетте,Дүйшөн өзү да менин бул абалымды жакшы билип жатты.(4,325)Кыялий-мамиле сөз (албетте) сүйлөмдө айтылган ойго толук ишенүүнү, аныктыкты жана ырастоону билдирет. Ал сүйлөөчүнүн билдирилген маалыматка болгон ишенимин күчөтүп, ойдун шексиз, талашсыз экенин көрсөтөт.

2.Мүмкүн,менин көңүлүмдү көтөрөйүн деген ой менен,ал ушунун эртесинде мектепке эки жаш терекче алып барды.(4,325) модалдык сөз (мүмкүн) сүйлөмдө айтылган ойдун ишке ашуу ыктымалдыгын, болжолдуу мүнөзүн билдирет. Ал сүйлөөчүнүн билдирилген маалыматка толук ишенбегенин, ой божомол деңгээлинде айтылып жатканын көрсөтөт.

3.Ийинине салынган чоң кемсел,кыязы,атасыныкы окшойт.(4,163)

Кыялий-мамиле(модалдык) сөз (кыязы) сүйлөмдө божомолдоо, болжолдуу жыйынтык чыгаруу маанисин билдирген модалдык сөз. Ал айтылган ойдун так эместигин, сүйлөөчүнүн маалыматка толук ишенбегенин же ыктымалдуулукка таянып сүйлөп жатканын көрсөтөт.

4.-Ырас,сулуу дегенчелик сулуу экенсиң,-деп мен жылмайып койдум.(4,163)

Модалдык сөз (ырас) сүйлөмдө айтылган ойдун ишке ашуу ыктымалдыгын, болжолдуу мүнөзүн билдирип турат. Ал сүйлөөчүнүн билдирилген маалыматка толук ишенбегенин, ой божомол деңгээлинде айтылып жатканын көрсөтөт.

Жыйынтык.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгында кызматчы сөздөрдүн көркөм тексттеги орду жана функциясы өзгөчө мааниге ээ экени аныкталды. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын мисалында кызматчы сөздөр автордук ойду так, ырааттуу жана эмоционалдык жактан таасирдүү берүүдө активдүү колдонуларын көрүүгө болот. Алар сүйлөмдөрдүн ортосундагы логикалык байланышты камсыз кылуу менен катар, каармандардын ички дүйнөсүн, психологиялык абалын жана көркөм сүрөттөө ыкмаларын тереңдетүүгө кызмат кылат.

Анализ көрсөтүп тургандай, кызматчы сөздөр көркөм текстте грамматикалык гана эмес, стилистикалык функцияны да аткарат. Айрыкча жалгооч, деме жана жардамчы сөздөр автордун индивидуалдык стилин ачып берүүдө, тексттин семантикалык бүтүндүгүн сактоодо

маанилүү роль ойнойт. Бул көрүнүш Ч.Айтматовдун көркөм тилинин байлыгын жана көркөм чеберчилигин дагы бир ирет тастыктайт.

Демек, кызматчы сөздөрдү көркөм тексттин маанилүү компоненти катары кароо зарыл. Алардын функцияларын системалуу изилдөө кыргыз тилинин стилистикасын, көркөм сөз өнөрүн терең өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт. Бул изилдөөнүн жыйынтыктары кыргыз тилинин синтаксисин жана көркөм текстти талдоодо теориялык жана практикалык мааниге ээ деп эсептелет.

**Адабияттар:**


1. Абдубалиев И. Кыргыз тилинин морфологиясы Б-2008
2. Абдубалиев И. Азыркы кыргыз тили (морфология) Б-2015
3. Акунова А,Чокошева Б,Эшимбекова Г. Азыркы кыргыз тили.Морфологиясы Б-2009
4. Айтматов Ч . Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. Б-2014
5. Айтматов Ч . Чыгармаларынын он томдук жыйнагы.Б-2018
6. Элчиев Ж. Азыркы кыргыз тили Б-2021.